Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д.07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти, тарых илимдеринин доктору, доцент Болпонова Асыл Бакытбековнанын изденүүчү Пасанова Клара Балтабаевнанын "Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)" аттуу 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган диссертациясына

**КОРУТУНДУ**

Изденүүчү Пасанова Клара Балтабаевна сунушталган диссертациясын карап, төмөнкүдөй тыянактарга келдим:

Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.

Сунушталган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Илимий иш XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы тарыхына туура келүүчү салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышына изилдөө жүргүзүлөт.

07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистигигинин паспортуна толук жооп берет.

**Диссертациялык иштин максаты .** Илимий изилдөөнүн максаты XIXк. экинчи жарымы- XXк. башындагы салттуу кыргыз коомундагы социалдык түзүлүшүндөгү трансформациялык процесстердин жүрүшүн талдоо. Коюлган максатка жараша, төмөнкүдөй милдеттер коюлат:

-илимий маселенин изилденүү дегээлине анализ жүргүзүү

-илимий маселенин булактык базасына, изилдөө ыкмаларына талдоо жүргүзүү

- салттуу кыргыз коомунун социалдык-экономикалык түзүлүшүнүн төмөнкү тармагындагы:

- салтуу жер иштетүүчүлүктөгү

- отрукташуу процессиндеги

- акча-товар мамилелериндеги трансформациялык процесстерге анализ жүргүзүү

-салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү катмарлашуу процессине талдоо жүргүзүү

- "ак сөөк", букаралардын арасындагы өзгөрүү процессине талдоо жүргүзүү

- Каралып жаткан тарыхый доордогу трансфармациялык процесстердин жыйынтыктарына баа берүү

Диссертациянын изилдөө объектиси, диссертациянын максаты жана милдеттери коюлган талаптарга жооп берет.

Изилдөөнүн ыкмалары диссертациянын милдеттерине туура келет.

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Диссертациялык иште Эгемендүүлүктүн доорунда рынок экономикасынын, жеке менчик мамилелеринин өнүгүшү менен Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшү ири өзгөрүүлөргө дуушар болуп, жаңы социалдык катмарлар жаралып, алардын өз ара мамилелери динамикалдуу түрдө өнүгүп жаткан мезгили. Эгемен Кыргызстандын социалдык түзүлүшүндөгу өзгөрүүлөр, XIXк.экинчи жарымы -XXк. башындагы салттуу кыргыз комунун түзүлүшүндө болуп өткөн тарыхый мезгилдин тажрыйбасын гана эске албастан, элдин менталитетин түшүнүүгө, аталган маселени жаны тарыхый позициядан изилдеп, баа берүү тарых зарылдыгын жаратып олтурат. Аталган тарыхый доордогу салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформациялануу процессин изилдөөнүн акуталдуулугу төмөнкү бир катар себептер менен түшүндүрүлөт:

Революцияга чейинки доордо салтуу кыргыз коомунун түзүлүшүн чагылдырган изилдөөлөргө, тарыхый булактарга жаны тарыхый таризде талдоо жүргүзүү талабынын жаралгандыгы. XXк.80-жылдарынын аягына чейин эл аралык илимий изилдөө практикасында эки концептуалдык методологиялык ыкма (подход) үстөмдүк кылып келгендиги белгилүү: “таптык” жана “стратификациялык”. Ал эми советтик тарыхнаамада болсо коомдун социалдык түзүлүшун аныктоодо марксистик-лениндик теорияга негизделген “таптык” ыкма үстөмдүк кылганы белгилүү. Марксистик-лениндик теория боюнча коом таптарга бөлүнүп, алардын негизги белгиси катары өндүрүш каражаттарына карата болгон мамилеси аркылуу айырмаланышкан. Өндүрүш каражаттары кимдин колунда болсо, ошого жараша: “эзүүчү”(өндүрүш каражатынын ээси) “эзилүүчү” таптарга (өндүрүш каражатына ээ болбогондор) бөлүнгөн. Коомдун социалдык түзүлүшүн, аталган таптык позициядан аныктоо идеологиялык максатты чечүүгө багыталган теориялардын бири болгондугун белгилеп кетүү керек. Аталган таптык ыкма коомдогу таптык белгилерге ээ болбогон: чайрикер, мандикер, жарды, жалчы ушул сыяктуу топтордун бар экендигин эске алган эмес. Тарыхта совет мамлекетинин “таптык” саясаты трагедиялуу социалдык окуяларды жараткандыгы белгилүү.

Гуманитардык илимде коомдун социалдык түзүлүшүн аныктоодо коомдук-экономикалык фармациялык түшүнүктөрдөн эмес, стратификациялык методун колдонуу аркылуу коомдун социалдык түзүлүшүнө баа беруу жаңы талабы катары каралып жаткандыгында. “Страт” термини геологиялык түшунүк, «катмар» дегенди түшүндүрөт. Стратификациялык теория боюнча

адам баласынын социумунда страттар-профессиоаналдык кесиби, билими, этникалык, демографиялык, гендердик белгилери боюнча, аймактык жайгашысуу (шаардык, айылдык) ж.б. критерийлер боюнча айырмаланышы мүмкүн. “Страт” түшүнүгү «тап» түшүнүгүнө караганда ийкемдуу келип, өзүнө кеңири коомдук кубулуштардын камтып, аларга кенири анализ жүргүзүүгө мүмкүндүк жаратат. Колониалдык доордогу салтуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү трансформациялануу маселеси чарбалык өзгөрүүлөрдүн, акча-товар, соода мамилелеринин ж.б. тармактагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнүн натыйжасын жаны социалдык катмарлардын жаралышына шарт түзгөндүгүн изилдөө маселенин актуалдуулугун шарттаган факторлор болуп саналат.

Демек, стратификациялык ыкма адамзаттын социумун тарыхый өнүгүшүнүн ар бир этабында социалдык турмуштун толук картинасын калыбына келтирүүгө мүмкүндүк жаратат. Жогорудагы тыянактарга таянуу менен салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү жаңы концептуалдык-методологиялык таризде баа берүү изилдөөнүн актуалдуу экендигин айгинелейт.

**Илимий жыйынтыгы.** Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын тарых адистиги бөлүмдөрүндө “Кыргызстандын тарыхы”, “Кыргызстандын тарыхынын тарыхнаамасы”, предметтери боюнча лекциялык материалдарга тарыхый, тарыхнаамалык булак катары колдонууга мүмкүндүк берет.

Кандидаттык диссертацияда алынган илимий натыйжалар илимий макалаларда жана конференцияларда докладдарда жарыяланган.

**Эскертүү:**

1.Диссертациянын темасынын аталышына толуктоо киргизүү керек

2. Трансформация деген терминге кеңири түшүнүк берүү керек

3. Букаралардын катмарлашуусу боюнча таблица түзүү керек (78бет)

4. Тема боюнча чет элдик окумуштуулардын эмгектери аз

5. Практикалык сунуштарды күчөтүү керек

6. Корутундуну кайра кароо зарыл

**Сунуш:**

Теманын формулировкасынын варианттарын сунуштайм:

1.Колониялык доордун мезгилинде салттуу кыргыз коомунун социалдык экономикалык маданий трансформациясы (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын ортосу)

2. Россия империясынын колониялык реформаларынын салттуу кыргыз коомунун өзгөрүүшүнө тийгизген таасири (XIX к. аягы – XX к. башы)
3. Көчмөнчүлүктөн отурукташууга экономикалык тышкы факторлордун таасири астында кыргыз коомунун кайра түзүлүшү(XIX – XX)к.
4. Кыргыз коомунун салттуу институттарынын трансформациясы тышкы саясий экономикалык күчтөр менен өз ара аракеттенүү шарттарына багыт алган өзгөрүү (XIX к. биринчи жарымы – XX к. башы)

**Корутунду.** Диссертациялык кеңештин эксперти берилген документтерди карап чыгып, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде изденүүчү Пасанова Клара Балтабаевнанын "Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы" (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)

07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясын алдын ала ачык коргоого сунуштайм.

**Эксперт**
**Болпонова А.Б., тарых илимдеринин доктору,**
**КРМБАнын "ММБ" кафедрасынын доценти**
**24.09.2024**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**
**Д 07.23.671 Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору** **Карыева А.К.**

17.09.2024-ж.